**ЧЫГЫШ ТААНУУНУН МАСЕЛЕЛЕРИ**

ВОПРОСЫ ВОСТОКОВЕДЕНИЯ

ISSUES OF ORIENTAL STUDIES

**e-ISSN: 1694-8653**
№1/2024, 40-47

**УДК:**
**DOI:** 10.52754/16948653_2024_1_5

# КЫТАЙЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН АЗЫРКЫ ТАРКАЛУУ ГЕОГРАФИЯСЫ

ГЕОГРАФИЯ СОВРЕМЕННОГО РАСПРОСТРАНЕНИЯ КИТАЙСКИХ КЫРГЫЗОВ

GEOGRAPHY OF THE CURRENT DISTRIBUTION OF CHINESE KYRGYZ

**Аташбаев Актилек Мелисбекович**
*Аташбаев Актилек Мелисбекович*
*Atashbaev Aktilek Melisbekovich*

**окутуучу, Ош мамлекеттик университети**
*преподаватель, Ошский государственный университет*
*Lecturer, Osh State University*

# КЫТАЙЛЫК КЫРГЫЗДАРДЫН АЗЫРКЫ ТАРКАЛУУ ГЕОГРАФИЯСЫ

**Аннотация**

Макалада кыргыз элинин кытайлар менен жашташ эл болгондугу тарыхый географиялык жайгашуусу жер суу аттары жөнүндөгү топонимикалык маалыматтар такталды. Азыркы кытай аймагында жашаган элдердин түпкү теги жөнүндө географиялык тактоолордо азыркы элдер байыркы элдерден бөлүнүп калуу себептери аныкталды. Байыркы жазмалардагы элдердин урпактары азыркы кайсы эл экендигин далилдөөдө негизги фактор боллуп саналат.

***Ачкыч сөздөр:*** кыргыздар, тарыхый абал, топонимика, элдердин теги, байыркы жылнаама.

## *ГЕОГРАФИЯ СОВРЕМЕННОГО РАСПРОСТРАНЕНИЯ КИТАЙСКИХ КЫРГЫЗОВ*

**Аннотация**

В статье уточнены, что кыргызы появились одновременно с китайцами, их историческое географическое положение, а также топонимические сведения о географических названиях. Причины отделения современных народов от древних были определены в географических уточнениях о происхождении народов, проживающих на территории современного Китая. Потомки народов в древних летописях являются ключевым фактором в доказательстве происхождения нынешнего народа.

***Ключевые слова:*** кыргызы, историческое положение, топонимика, происхождение народов, древние летописи.

## *GEOGRAPHY OF THE CURRENT DISTRIBUTION OF CHINESE KYRGYZ*

**Abstract**

The article clarifies that the Kyrgyz appeared simultaneously with the Chinese, their historical geographical location, as well as toponymic information about place names. The reasons for the separation of modern peoples from the ancients were determined in geographical clarifications about the origin of the peoples living in the territory of modern China. The descendants of peoples in ancient records are a key factor in proving the origins of the present people.

***Keywords:*** Kyrgyz, historical position, toponymy, origin of peoples, ancient chronicles.

**Кытайлык кыргыздардын азыркы таркалуу географиясын аныктоодо кыргыз санжырасындагы жана эпостогу орчундуу окуялар каралды**

Байыркы доорлордогу кыргыздарды тактаганда төмөндөгүдөй маалыматтарды карадык «Түрк, кыргыз казак жана хандар шежересинде» (1911) кыргыздар Ыйса Христоско чейин Тану-Ола тоосу менен Ала-Тоонун ортосунда жашаган эл. «Кыргыз» деген сөз «тоо аралап жүрүүчүлөр», «тоо кезип жүрүүчүлөр» деген маанини берет. «Маджму атут-товарихте» кыргыздар төрт түрдө жазылат; «кыргыздар», «гыздар», «чилгыздар» (кырк гыз), «хыркгыздар» (кыргыз). Тарыхый эмгектерде алар бир эл болуп, Орто Азиянын түрдүү аймактарында жашагандыктан аттары бир аз өзгөрүп калган. «Чилгыз» деген сөз тажикче «кырк кыз» дегенди билгизет. Тарыхый булактарга таянсак кыргыздар кытайлар менен жашташ байыркы эл, башаты Ыйса Христостон миң жылдар башта пайда болгон. Кыргыз этносунун калыптанышында алгылыктуу пикир катары К. Мусаевдин, «Түрк, кыргыз, казак жана хандар шежереси» деген тарыхый жазманы, «Угузнамени», Кытай тарыхый жазмаларын негиз кылып алсак чындыкка келген болобуз. Алардын пикирлери боюнча кыргыздардын башатын «Күн» эли түзөт, алар сактардын урпактары.

Азирети Дөөт уста, Тешенин пулу тез тийбей,

Балта кылган эмеспи. Керки кылган эмеспи.

Балтанын пулу бат тийбей, Керкинин пулу кечигип,

Теше кылган эмеспи. Тулга кылган эмеспи


- деген «байитин» (ыр) кыргыз элинде гана сакталып калышы, кыргыздардын байыркы эл экендигин айгинелейт. Байите Темир иштетүү доору айтылат. Кыргыздар Евразия аймагында кыргыз каганаттын түзүп тургандыгы айтылып, каганаттын түндүк чек арасы Аргын дарыясынын түндүгү, чыгыш чек арасы Чоң жана Кичи Күңгөй (Чоң жана Кичи Хинган) тоолору, «Улуу дубалдын» сырты; түштүк чек арасы Капка-Тоо (Малиншань), Каспан-Тоо (Наньшань), Алтын-Тоо (Алтынтаг) тоолору батыш чек арасы Кашгар чөлүнүн батышындагы Опол-Тоо (Какшаал) аркылуу өткөн Каганатка Мамырдын Сары чөлү (Жунгар Гобиси), Хангай тоолору да караган. Каганаттын ордосу Айдың-Көлдүн боюнда болгон. Каганат бир нече хандыктардан турган. Айдың-Көлдө Манас хан көтөрүлүп, Көкчө «төрө» наамын алат. Эпосто бул аймак Манастын ата конушу, кыргыздардын жери болгондугу; «Аңырттын белин ашышып, Алтайдын түзүн басышып. Мамырдын Сары чөлүнө. Кайта келди элине, Айдың көлдүн жээгине» (С.О.4-к) деп айтылат. Эпостогу фактыларга таянсак бул ордого Алтайдан 96миң адам караган. Алардын ичинде кыргыз, уйгур, калмак, казак ж.б. элдер болгон. Ордого ошондой эле Алты шаар уйгуру (Турфан, Аксу, Куча, Кашгар, Карашаар Үрүмчү) баш ийген. Аларды эштектердин Жамгырчысы башкарганы эпосто; «Алты шаар уйгуру, азыркы сен улугу, Жамгырчынын аскерин, абаң Бакай алганы» (С.О.,4-к.)-деп айтылат.

Кыргыздар жана түрк элдери азыркы күндө Чоң жана Кичине күнгөй зоодон (Чоң жана кичине Хинган чыг.) Дунайга, Сибирдин Обь жана Эне-Сай дарыяларынын алабынан (түн) Тибеттеги Манас көлүнө чейинки (түш) чөлкөмдө жайгашкан. Мындай чачыранды абалда жайгашуу байыркы кыргыз империясынын ошол аймактарда болгонун кабарлайт. Кытайдан чабылган элдин негизги өзөгү ата-конушунда болгон Орто-Азияда калып, каршылык көрсөтө

тургандар ар тарапка таркатылат. Алар азыркы мезгилде ар түрдүү аймактарда жашап калган кыргыздардын өзөгүн түзүөт. Ал эпосто;

Бирөө кетип Алтайга,        Бирөө кетип Оролго,
Бирөө кетип Кангайга.        Жер Урунту Желпиниш,
Бирөө кетип Эренге,        Тентип жүрөт шоолордо
Бирөө кетип теренге.        С.К. варианты) - деп берилет.

В. Плоских, В. Мокрынин «Кыргызстандан тышкары жашаган кыргыздар» (1990-ж.) деген эмгегинде кыргыздар Шынжанда жашай тургандыгы жөнүндө маалымат беришет. Борбордук Азиядагы кыргыздар жөнүндө так маалыматтар Ю.С. Худяковдун (1958-ж.), Оогандык кыргыздар жөнүндөгү маалымат А. Нуридиновдун (1991-ж.) эмгектеринен белгилүү. Ал эми Индиянын түндүгүндөгү, Тибеттин Бука-Мангла тоосундагы кыргыздар жөнүндөгү маалыматтар кийинки мезгилдеги басма сөз беттеринде байма-бай берилип, азыркы кытайлык кыргыздардын таркалган аймактарынын географясы такталып Тибетке чейинки аймактар кыргыздарга карап тургандыгы картада көрсөтүлөт (карта, сүрөт).




1. Тарбагатай (Оркошор) кыргыздары. Монголия менен Казакстандын ортосунда, Тарбагатай тоосунун этегинде жашап, бүгүнкү күнгө чейин белгисиз болуп келген эл. Оркошор кыргыздарынын саны 1990-жылдагы маалымат боюнча 1500 адам. Алар «Алатоону алты айланып 1820-жылдан башта келгенбиз» деп айтышат. Шынжандагы кыргыздардан 2000-2500 чакырым алыста, кыргыздар менен карым-катнашы болбогондуктан будда динин тутуп, үрп-адаты калмактарга (монголдорго) окшоп калган. Бул эл жөнүндө тарыхчылар азырынча өз ойлорун айта элек. Эпосто төмөнкүчө айтылат;

Калганың калгын буякка,        Күн чыгыш жагың Шиберди
Тарбагатай, Аратоо.        Көрбөгөн жерге баргын деп,
Эдил суунун боюнда,        Кыйнабаймын силерди (С.О.2к).

Оркошор, Майлы, Барлык тоолору түздүктүн ортосунда орун алгандыктан Арал-Тоо (кийинчерээк Ара-Тоо) деп аталып калган. Бул элдин түпкү теги Эдил жайыгына чейин барып, кайта ушул чөлкөмгө келгендиктен «Биз Ала-Тоону, алты айланып келгенбиз» деп айтышат.

2. Бөрү талаа кыргыздары. Кытайдын Шынжан аймагындагы Турфан (түн.) жана Баграш-Көл чуңкурдуктарынын (түш.) ортосунда жайгашкан Бөрү-Талаа жана Хайдык тоолорунун өрөөндөрүндө жашаган эл. Элинин басымдуу бөлүгү кыпчак жана мундуз уруулары түзөт. Үрп адаттары уйгурлардыкына окшош. Дыйканчылык жана мал чарбасы менен алектенишет. Жан саны белгисиз. Айгыр Булак (1785 м), Күмүш (1794 м), Ушак-Тал, Чукур (2500 м) кыштактарында отурукташып жашашат.

3. Хайлар кыргыздары. Гандум Салх менен Мамбеттурдунун маалыматы боюнча (Жунго терезеси, 2011-ж., август) Харбинден 300 чакырым түндүк-батышындагы Неньцзянь дарыясынын боюнда, Хайлар аймагында (4026 чарчы чак. аянтта) кытай, манжу, монгол, дунган, даур, эвенки, сибо, мяо этникалык топтор менен бирге жашашат. Уруулук түзүлүшү боюнча хырхыстар ортыр, сандыр (алтар улусунун урпактары) деп бөлүнүшөт. Ташка, даракка, отко сыйынышат. Өлүктү бакшылык ырым-жырымдар менен жерге коюшат. Курут, айран, быштак, май токоч жасашат. Ю.Янхунендин маалыматы боюнча (1982-ж.) Фуюйда 788, Цицинкарда 21, Хэйлунцзянда 1451, Цицзянда (Фуюйдан 15 км. аралыкта) жети үй-бүлө өздөрүн кыргызбыз деп каттатышкан. Азыркы күндө Фуюйда 1200 кыргыз жашашат. Мындан тышкары бул аймакта чачыранды абалда 10-15 үй-бүлөө болуп, малчылык менен жашаган көптөгөн кыргыз топтору бар.

4. Лобнор кыргыздары. Борбордук Азиядагы Лобнор (Лоп) көлүнүн айланасында жашап, кийин көлдүн аты менен «Лобу» деп аталып калган эл. Бул элдин өзөгүн кыпчактар түзгөн. Лоп түздүгүнүн чыгышындагы Кум-Майдан, Текши-Арш, Эрименин чөлдөрү жана Ичкиликтин Кара-Тоосунда жашап, чыгыш каганаттын түштүк-чыгыш чек арасында турушкан. Лоп кыргыздары (лобу); абор, мири, мишми, дафлы, апатани жана ака деген майда топтордон (уруулардан) турат. 1985-жылы 190 миң адамды түзгөн. Алар айрым окумуштуулар божомолдогондой XIII кылым, же 1703-жылдарда көчүрүлүп келген эмес, байыркы доорлордон бери жашаган жергиликтүү кыпчак эли. Кийинки доорлордо кытайлашып кеткен. Будда динин карманышкан, Кыз Сайкалдын эли.

5. Санжы кыргыздары. Кытайдан Гума Ооданына караштуу Санжы тоосунун (5866 м) Санжы, Акбалык, Каракаш өөрөндөрүндө тажиктер жана уйгурлар менен аралаш жашаган элдер. Негизги жайгашкан жерлери Кыргыз жангил (Раскем өрөнүндө), Коргон, Күн-Сазы (Каракаш өрөөнүндө) жана Акбалык (Дуба өрөөнүндө) айылдары. Кытайдын Ташкоргон-Тажик автоном облусуна карайт. Памирлик кыргыздар менен тектеш.Элинин өзөгүн нойгуттар жана тейиттер түзөт. Мусулман динин тутушкан эл. Басымдуу бөлүгү мал чарбасы менен алектенишет. Санжы кыргыздары жөнүндөгү маалыматтар Реми Дордун, А. Песковдун, Грум-Грижимайлонун, Северцевдин эмгектеринде көп кездешет.

6. Сары-Кол кыргыздары. Шынжандын түштүгүндө Кең-Тоо (Кинтоу) менен Сары-Кол тоолорунун ортосундагы өрөөндөрдө жашайт. Жан саны так эмес. Кытай басма сөз маалыматы боюнча Памир жанындагы тажиктердин курамына кирип, саны болжол менен 5-6 миңден ашпайт. Негизги жайгашкан жерлери Таш-Коргон-Тажик ооданынын Көк-Жар жана Сары-Кол өрөөндөрү. Бул эл «Манас» доорунда Сары-Колдон Лоп көлүнө чейинки аймакты ээлеп турган нойгут уруусунун өзөгү, Акбалтанын ата конушу. Ал эпосто төмөнкүчө айтылат;

Нойгут журттан айрылган,
Акбалта кепти баштады.
Сагынам Сары-Кол жеримди,
Сагынам нойгут элимди
Көп тиленем зор Манас,
Мурадыма барайын (С.Каралаев.).

7. Турфан кыргыздары. Какшаал тоосундагы Бедел ашуусунан башталган Бедел суусунун Тоошкон-Дарыяга кошулган чөлкөмүндөгү Кара-Теке тоосунун Арал айылында турушат. Э. Дабанын маалыматы боюнча 300 түтүндөн ашык. «Манас» доорунан бери жашаган жана 1916-ж «Үркүндө» барып калган кыргыздар. Негизинен дыйканчылык менен алектенишет. Турфан шаарында жашагандары соода-сатык иштерин жүргүзүшөт.Турфан кыргыздары жөнүндөгү маалыматтар кенже эпостордо көп кездешет.

9. Тебит кыргыздары. 2010-жж. чейин Тибет кыргыздары жөнүндө маалыматтар жокко эсе болуп келген. Тибет кыргыздары жөнүндөгү алгачкы жолу 1940-1945-жж. Тибетке (Лхасага) жашыруун тапшырма менен эки ирет барып келген Суксуралы Кыдыралы уулунун маалыматында берилет. Анын маалыматы боюнча Тибеттин Бука Мангла (Бука жол) тоосунун этегиндеги Марка-Көлүнө жакын аймакта 40 үйдөн турган кыпчак-кыргыздар жашашкан. Алар өздөрүн кыргызбыз деп айтышат, будда динин кабыл алышкан, үрп-адаттары тибеттиктерге окшоп калган эл. Кийинки жылдары айрым кыргыз жарандардын барып келиши менен Тибет кыргыздары жөнүндө маалыматтар басма сөз беттеринде, интернет булактарынан бериле баштады. Айбек Байымбетовдун маалыматтары боюнча («Көк Асаба», 20-июнь 2012-ж.) Раскем өрөөнүндө, Чырак салдыда (5012 м), Шаңшидифан айлында (20дан ашык үйдө), Шайдылдада, Күбөдө, Данкырда ж.б. аймактарда (3-4 түтүндөн 20-25 түтүнгө чейин) таш үйлөрдө жашашат. Алар Шыңжаңдан келген эмес, байыркы доордон бери жашап келген эл. Улуу империянын мезгилинде жашаган кыргыздардын урпактары. Тибетте 3миң кыргыз бар.

Ж. Султановдун маалыматтары боюнча («Де-факто» газетасы, №12-саны 2012-жыл) Тибеттеги кыргыздардын жан саны 20 миңдин айланасында. Кулжа, Бугу, Арсар, Жапма деген уруулары басымдуу. 100 жаштан жогору жашашат, 230 жашка чыккандары болот. В. Орозбаеванын маалыматтары боюнча кыргыздар Тибеттин түштүк-батышындагы Кашмирден баштап Кара-Корумдан Тарим (Такла-Макан, Кашгар) чөлүнө чейинки аймактарда (Хотен), Көкөнор көлүнүн айланасында, Раскем өрөөнүндө, Алтын тоонун (Алтынтаг, Куэнь-Лунь) арасында чачыранды абалда жашашат деп берет.

10. Кем-Алай (Гималай) кыргыздары. Кем-Алай жана Даң-Дуң (Памир) тоолорунун бириккен жеринде, Индиянын Жаму штатынын эң түндүгүндө, деңиз деңгээлинен 3500-3600 м. бийиктикте жашайт. Булардын жан саны белгисиз, түпкү теги Памирлик кыргыздар деп жазат Реми Дор. Анчалык көп эмес бул эл өз тилин, маданиятын, үрп-адатын жоготкону мыйзамдуулук. Түрк тукумунун кереит (кират) уруусуна кирет. Темирдин Индияга жасаган жортуулу мезгилинде ага көмөк көрсөткөн. Эпосто алар «Жер урунтту Желпиниш, Тентип жүрөт шоолордо»–деп берилет. Желпиниш Индияны, «жер урунту» деген сөз Индия субконтиненти менен Азия континентинин урунган (тирешкен) жери Кем-Алай тоолорун түшүндүрөт.

11. Памир кыргыздары. Чоң жана Кичи Памир тоолорунда, негизги өзөгү Тажик Республикасынын Мургаб районунда (12 миң), Аличур өрөөнүндө жашап, бул аймактын калкынын 82,2 % түзөт (1990-ж). Элдин өзөгүн ичкилик уруулары (тейит, кыдырша, кыпчак,

найман) түзөт. Ал эми Кичи Памирде 460 кыргыз (А. Нурдинов, 1991-ж.) деңиз деңгээлинен 4100-4200 м. бийиктикте жашайт. Булар Ооганстандык кыргыздар деп айтылып Эчки, Тесери деген айылдарга топтолгон. Чоң Памирдин өзүндө 102 кожолукта 513 кыргыз жашап; кесек, тейит, найман, кыдырша, кыпчак, кызыл аяк, ж.б. уруулардан турат. Алар «Манас» дооруна чейин, Алооке кыргыздарды чапканда кеткен эл болушу реалдуу чындык. Ал эпосто «Бирөө кетти Эренге (Иранга), Бирөө түшүп кетти тереңге (түпкүргө)-деп айтылат. Ошол «тереңге» кеткен эл, Ооганстандын Чоң жана Кичине Памир тоолорунда, Пакистандын Пяндж, Вахжир, Гилгит өрөөнүндө жашаган, тажиктешип кеткен кыргыздардын өзөгүн түзгөндүгү талашсыз.

12. Тибеттеги Алайкуу кыргыздары. Тибеттин Амдо аймагындагы (Нагчу округу) Алайкуу кыргыздары жөнүндө Ж. Султанов төмөнкүчө маалымат берет («Супер-Инфо», №.611.18 июль, 2014). Ал Тибеттеги Алайкуу кыргыздары менен Тибеттин борбору Лхасада жолугуп, бийик тоо арасындагы кыштакка үч ашууну ашып, 12 күн жол жүрүп жетет. Алардын арасында бир жыл жашап, салт-санаасын, жашоо шартын билип кайткан. Алардын саны 300 гө жетет. Эркектеринин көпчүлүгү Баатыр, Өскөн, Элек, Бөрү, Өтөк, Саты, ал эми кыздары Санаа, Ажар, Бүбү, Омо, Кайры, Жэлегей деген атты алып жүрүшөт. Маданияты байыркы денгеелде. Айылга жакын Карол-Дөбө, Жым-Жырттык өрөөнү деген жерлери бар. Жер шарты өтө катаал болгондуктан топоз багышат. Аларды 12-13 күндө Лхаса шаарына алып келип кийим-кечеге алмашат, же сатышат. Эч качан урушушбайт, “барыбыз теңирдин перзентибиз”-деп, бирин-бири сыйлашат. Тутунган дини жок, болгону колдорун көккө көтөрүп “Теңирим! берген сууңа, абаңа, тооңо ырахмат, бизге жакшылыкты бере көр”-деп гана сыйынышат. Таш үйлөрдө жашап, биздикиндей буюм колдонушбайт. Кийимдери, үй буюмдарынын баары териден жасалган. Орукана, дарыкана, мектеп жок. Чөп дарылар менен дарыланышат. Туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, паспорт дегенди билишпейт.

Тибеттеги Алайкуулуктар Тибеттин Амдоо аймагындагы (Нагчу округу) Тангла тоосундагы өрөөндөрдүн биринде жашагандыгы талашсыз. Амдоо аймагы аркылуу өткөн машина жолу Лхаса-Ньенчен (7088 м), Нагчу-Атак-Мамыр-Тангла ашуулары (4933 м) жана Цинхай аймагы аркылуу Тарим чөлүнө түшөт. Өздөрү жашаган жерине келиш үчүн Нагчу кыштагынан чыгышка карай Ньенчен-Тангла тоосу аркылуу өтүш керек. Ошондуктан, алар кыска жол болгон Лхаса-Жамдо ашуусу (5151 м)- Жамдо капчыгайы- Лхаруга ашуусу (5459 м)- Ньенчен ашуусу (5560 м) аркылуу Алайкуу капчыгайына келишкени илимий тактык,

13. Ооганстан кыргыздары. «Маджу атут-таворихта» «бурлан», «Тухфатт-таварих-и-ханиде» жана «Манас» эпосунда «катаган» деп айтылган бул эл, кыргыздын бир уруусу. Азыркы убакта негизги тобу Ооганстандын түндүгүндө хорасындыктар, өзбектер, караилер (кераиттер, фуладчи) деп; ирандагылары нафарлар, бахарли, инанлу, теймурташ, гирей, пичагчи, карагозлы деп аталат («Маджуми атут-таворих»; Абрамзон, 1990-ж; Бернштам-1946 ж; С.И. Брук, 1958-ж; Атлас народов мира, 1964-ж). Катагандар ошондой эле Орто Азияда жашайт. Эпосто катаган уруусунун жери «Күн батышы жагында, Күлдүү кыргыз катаган, Кундуз, Талкан жери бар. Кубайыс деген калаасы» (С.О., 2-к)-деп айтылат. Ыр саптарындагы Көнөр азыр Кунар, Талкан-Таликан, Кундуз-Кундуз, Балык-Балх деп аталат. Ал эми Ооганстандын түндүгүндө эң чоң аймак Катаган аймагы, Каракумдун уландысы Кубайстан чөлү деп аталат, (Атлас мира, 1954-ж).

14. Непалдагы Бакай уруусу. Непалдын Тибет менен чектешкен аймагында, Манас суусунун боюнда жашаган аз сандагы эл. Жашаган кыштагында Манас багы бар. Ричард

Хайдын маалыматы боюнча (2011-ж.) «Теңирге» төөк союп сыйынышат. Тоокту, малды жиликтешет. Курут, айран, сүт ичишет. Май токоч жасашат, терме согушат, термеси «гүлчө» деп аталат. Мындай термелер Тибетин башка аймактарында да кездешет. Үрп-адаттары кыргыздарга жакын. Айрымдары Непалдыктардыкындай. Е. Реклюнун маалыматы боюнча (1895) бул эл түрк элинин бутагы, байыркы доордон бери жашаган, жергиликтүү эл. Гүлчө термесин Тибетте жашаган хорпа, накчу, голог, хыргыз, салар элдери колдонушат деп айтылат. (карта).




**Адабияттар**


1. Алексеев В.П. «В поисках предков». Антропология и история». М; 1972
2. Геродата. Истории. (котормо).М; 1993
3. Кляшторнай С.Г., Султанов Т. И. «Казахстан» летопис трех тысячелетия. Алматы; 1992
4. Грантовский Э.А. О восточно иранских племенах Кушанского ареала – Центральная Азия в Кушанскую эпоху М; 1975
5. Сулайманов Р.К. Проблемы родины Заратуштры и этнокультурная ситуация в Средней Азии, начало 1 тысячелетия до н. э.// Новое о древнем и средневековом Кыргызстане. Бишкек; 1999
6. Акишев К.А., Кушаев Г.А.«Древняя культура саков и усуней долины».Алма-Аты; 1963
7. Гумилев Л.Н. «Байыркы түрктөр». Бишкек; 1999
8. Матикеев К. Кыргыздардын тарыхый географиясы. Ош; 2004 Матикеев К Кыргыз, Манас жана тарыхый география. Бишкек;  2012
9. Матикеев К. «Борбордук Азия Манас доорунда». Ош; 1995
10. Матикеев К. “Кыргыз, Манас жана тарыхый география”. Бишкек; 2012
11. Матикеев К. “Ыйык китептер, тарыхый жазмалар жана илим. Бишкек; 2015.
12. Ысак Уулу, С. Ичкилик урууларындагы кудалашуу салтынын өзгөчөлүктөрү (Кытайдагы кыргыздардын мисалында) (i) / С. Ысак Уулу, А. Сатыбалды Уулу // Вестник Ошского государственного университета. – 2021. – Vol. 2, No. 4. – P. 580-590. – DOI: 10.52754/16947452_2021_2_4_580. – EDN: FBBKUN.